**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

БЕКИТЕМИН

Жусуп Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университетинин
ректору

_________________ Д.Т. Чонтоев

2026-жылдын "10" марта

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин**
**эл аралык кызматташуу жана байланыштар боюнча департаменти жөнүндө**

**ЖОБО**

Бишкек шаары – 2026-жыл

**I. Жалпы жоболор**
**II. ЭКжБДнын ишинин предмети**
**III. ЭКжБДнын максаттары, милдеттери жана ишинин түрлөрү**
**IV. ЭКжБДнын укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги**
**V. ЭКжБДнын түзүмү, башкаруусу жана ишин уюштуруусу**
**VI. ЭКжБДнын ишин материалдык-техникалык камсыздоо**
**VII. ЭКжБДны жоюунун же кайра уюштуруунун тартиби**
**VIII. ЭКжБД жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби**

## I. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Жобо 2023-жылдын 8-августундагы "Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, 2023-жылдын 11-августундагы "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин укуктук ченемдик актыларынын, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (мындан ары – Ж.Баласагын атындагы КУУ) Уставынын таянымдарынын (принциптеринин) негизинде жана жогоруда баяндалгандарга ылайык иштелип чыккан.

1.2. Ушул Жобо Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эл аралык кызматташуу жана байланыштар боюнча департаментинин (мындан ары – ЭКжБД) ишинин укуктук жана уюштуруу негиздерин аныктайт.

1.3. ЭКжБД билим берүү, илимий-изилдөө, маданий-агартуу жана башка жааттарда Ж.Баласагын атындагы КУУнун түзүмдүк бөлүмдөрү (факультеттер, институттар, кафедралар жана башкалар) менен өз ара аракеттенүүдө Ж.Баласагын атындагы КУУнун эл аралык байланыштарын өнүктүрүү, ошондой эле Ж.Баласагын атындагы КУУнун кадыр-баркын мамлекеттик жана эл аралык деңгээлдерде жогорулатуу боюнча ишти жүргүзөт.

1.4. ЭКжБД өз ишинде Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын, Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актыларын, уюштуруу-тескеме документтерин жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.5. ЭКжБД Ж.Баласагын атындагы КУУнун юридикалык жак түзүү укугусуз түзүмдүк бөлүмү болуп эсептелет, өзүнүн аталышы мамлекеттик, расмий, англис тилдеринде жазылган бланкына ээ жана ушул Жободо каралган максаттарды жана милдеттерди аткарат.

1.6. ЭКжБДнын толук расмий аталышы:

- мамлекеттик тилде: "Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эл аралык кызматташуу жана байланыштар боюнча департаменти";
- расмий тилде: "Департамент по международному сотрудничеству и связям Кыргызского национального университета имени Жусупа Баласагына";
- англис тилде: "Department of International Cooperation and Relations of the Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn".

1.7. ЭКжБДнын кыскартылган аталышы:

- мамлекеттик тилде: "ЭКжБД";
- расмий тилде: "ДМСиС";
- англис тилде: "DICR".

1.8. ЭКжБДнын дареги: Кыргыз Республикасы, 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547.

## II. ЭКжБДнын ишинин предмети

2.1. ЭКжБДнын ишинин предмети болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерге ылайык жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү, илимий жана илимий-техникалык, окутуучулук жана башка иштер жаатында эл аралык кызматташтыкты жүргүзүү;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун эл аралык билим берүү рыногундагы атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга көмөктөшүү;
- билим берүү кызматтарын экспорттоо жана импорттоо процесстерин өнүктүрүү жана эл

аралык билим берүү жана илимий-изилдөө мейкиндигине Ж.Баласагын атындагы КУУнун интеграцияланышына (кошулуусуна) көмөктөшүү;

- Кыргыз Республикасынын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн туруктуу платформаны камсыздаган профилдүү эл аралык билим берүү долбоорлорду/программаларды иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын маселелери боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары, илимий-изилдөө мекемелери жана адистери менен өнөктөштүк байланыштарды түзүү жана өнүктүрүү;

- билим берүү жана илимий түзүмдөр, коомдук уюмдар, жарандык коом институттары, эл аралык жана региондук уюмдар, донордук мекемелер жана башка уюмдар менен тышкы байланыштарды жүргүзүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана студенттеринин академиялык мобилдүүлүгүн камсыздоо жана эл аралык деңгээлде квалификациясын жогорулатуу;

- студенттердин, аспиранттардын, докторанттардын, педагогикалык жана илимий кызматкерлердин эки тараптуу жана көп тараптуу алмашуу долбоорлорго/программаларга катышуусуна көмөктөшүү;

- академиялык мобилдүүлүктүн биргелешкен долбоорлорун/программаларын жүзөгө ашырууга кызыкдар, тиешелүү илимий-кесиптик дараметке (потенциалга) ээ болгон, алардын эл аралык рейтинг деңгээлин эске алуу менен чет өлкөлүк билим берүү мекемелеринин географиясын кеңейтүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнө тармактык өзгөчөлүктөргө жана муктаждыктарга байланышкан профилдүү долбоорлорду/программаларды иштеп чыгууга жана чет мамлекеттердин жогорку окуу жайларынын, илимий-изилдөө мекемелеринин жана эл аралык уюмдардын, фонддордун гранттарын алууга сынактарга катышууга көмөктөшүү;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келген эл аралык кызматташуунун башка формаларын жүргүзүү.

2.2. ЭКжБД чет мамлекеттердин академиялык, билим берүү жана илимий-изилдөө мекемелери, коомдук жана коммерциялык уюмдары, ошондой эле эл аралык жана региондук уюмдар менен кызматташуу жөнүндө Ж.Баласагын атындагы КУУнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн компетенциясына кирген келишимдерден (маулдашуулардан, меморандумдардан) келип чыккан маселелерди координациялоону жүргүзөт.

## III. ЭКжБДнын максаттары, милдеттери жана ишинин түрлөрү

3.1. ЭКжБДнын ишинин максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- билим берүү, илимий-изилдөө жана коомдук-маданий иштер маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын, ошондой эле чет мамлекеттердин аймагындагы ар кандай менчик формадагы уюмдар, ведомстволор жана мекемелер менен кызматташуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУ менен жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын, илимий-изилдөө мекемелеринин ортосунда өнөктөштүк байланыштарды түзүү жана өнүктүрүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун студенттерин жана адистерин эл аралык алмашуу боюнча долбоорлорду/программаларды өнүктүрүү, жогорку кесиптик билим берүү (бакалавриат, магистратура), ошондой эле жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү (аспирантура, PhD программалары) студенттерин чет өлкөлөргө окууга жөнөтүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнө мазмундуу окуу процессин камсыздоо үчүн жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынан жогорку квалификациялуу адистерди тартуу;

- чет өлкөлүк жарандардын (адистердин, кызматкерлердин, студенттердин) Кыргыз Республикасына келиши жана жүрүшү үчүн керектүү документтерди даярдоого көмөктөшүү.

3.2. ЭКжБДнын милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын маселелери боюнча жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары, илимий-изилдөө мекемелери, ошондой эле Кыргыз Республикасында жайгашкан эл аралык жана региондук уюмдар менен эл аралык кызматташууну өнүктүрүүнү камсыздоо;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун билим берүү, илимий-изилдөө жана коомдук-маданий иштердин маселелери боюнча эл аралык кызматташуудагы ишин координациялоо;

- чет өлкөлүк жогорку окуу жайларынын, илимий-изилдөө мекемелеринин билим берүү, илимий-изилдөө жана коомдук-маданий иштери жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана талдоо;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын жаатында тышкы билим берүү жана илимий-изилдөө байланыштарды өнүктүрүү, ведомстволор аралык жана региондор аралык кызматташууну түзүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын жаатында билим берүү жана изилдөө долбоорлорду/программаларды илгерилетүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын маселелери боюнча эл аралык илимий жана билим берүү иш-чараларды (лекцияларды, семинарларды, тегерек столдорду, конференцияларды, симпозиумдарды, жолугушууларды жана башкаларды) даярдоого жана өткөрүүгө катышуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан билим берүү, илимий-изилдөө жана коомдук-маданий иштер жаатында кызматташуу жөнүндө кол коюлган келишимдердин (макулдашуулардын, меморандумдардын) алкагындагы милдеттенмелерди аткаруу боюнча иш-чараларды уюштуруу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун адистеринин, кызматкерлеринин жана студенттеринин эл аралык илимий, билим берүү жана башка иш-чараларга (конференцияларга, семинарларга, тегерек столдорго, симпозиумдарга, стажировкаларга, квалификацияны жогорулатуу курстарына жана башкаларга) катышуусу боюнча маселелерди координациялоо, баяндамалардын (докладдардын) тематикасын эсепке алууну жүргүзүү жана алардын катышуусу жөнүндө белгиленген формада отчетторду алуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун адистеринин, кызматкерлеринин жана студенттеринин катышуусу менен билим берүү жана изилдөө долбоорлорду/программаларды жүзөгө ашыруу үчүн гранттык каражаттарды издөөнү жана тартууну уюштуруу, анын ичинде финансылык жана техникалык колдоо (донордук жардам, демөөрчүлүк каражаттар, стипендиялар, стажировкалар жана башкалар) алуу маселелерин иштеп чыгуу;

- чет өлкөлүк жарандарга (адистерге, кызматкерлерге, студенттерге) ыкчам жана тийиштүү паспорттук-визалык кызматтарды көрсөтүүгө көмөктөшүү.

3.3. Иштердин түрлөрү:

- Илимий-билим берүү иши:

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын жааттары боюнча эл аралык лекцияларды, семинарларды, коллоквиумдарды, конференцияларды, симпозиумдарды уюштурууга көмөктөшүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттары боюнча жогорку, жогорку окуу жайдан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү долбоорлорду/программаларды жүзөгө ашырууга катышуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун студенттери, аспиранттары жана докторанттары тарабынан тиешелүү практикадан, стажировкадан өтүүгө көмөктөшүү;

- ата мекендик жана чет өлкөлүк мамлекеттик, мамлекеттик эмес жана коомдук илимий-билим берүү уюмдары менен кызматташуунун жаңы формаларын өнүктүрүү;

- Кыргыз Республикасынын, Борбордук Азия регионунун өлкөлөрүнүн жана башка чет мамлекеттердин илимий-билим берүү турмушуна, ата мекендик жана чет өлкөлүк уюмдардын гранттык билим берүү жана изилдөө долбоорлоруна/программаларына катышуу.

- Маалыматтык иш:

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун вебсайтынын алкагында адистештирилген маалыматты даярдоо;

- ЭКжБДнын базасында Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын жааттары боюнча кызматташуу жөнүндө келишимдердин (макулдашуулардын, меморандумдардын) маалымат банкын түзүү.

3.4. Ж.Баласагын атындагы КУУнун атынан жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилиги менен макулдашуу боюнча ЭКжБД Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган тартипте башка багыттар боюнча ишти жүргүзө алат.

## IV. ЭКжБДнын укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги

4.1. Ушул Жободо аныкталган максаттарды жана милдеттерди аткаруу үчүн ЭКжБД төмөнкүлөргө укуктуу:

- өз ишин өз алдынча пландаштыруу, уюштуруу жана жүргүзүү;
- таанышуу, тутумдаштырылган эсепке алуу жана жумушта пайдалануу үчүн Ж.Баласагын атындагы КУУга кирүүчү ЭКжБДнын компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча документтерди жана башка маалыматтык материалдарды, анын ичинде электрондук почтаны, алуу;
- ЭКжБДнын компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча белгиленген тартипте чет мамлекеттердин, эл аралык уюмдардын, юридикалык жактардын өкүлдөрү жана айрым жеке жактар менен кызматтык кат алышууларды жүргүзүү жана байланыштын жеткиликтүү каражаттарын пайдалануу;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигинен жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнөн, ведомстволук уюмдарынан өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн керектүү болгон, ошондой эле Ж.Баласагын атындагы КУУнун кызматташуусу жөнүндө келишимдер (макулдашуулар, меморандумдар) боюнча милдеттенмелерди, эл аралык гранттар боюнча долбоордук милдеттенмелерди аткарууга байланышкан маалыматтарды, отчетторду, документтерди, маалымдама жана башка материалдарды суроо жана алуу;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун башка түзүмдүк бөлүмдөрү, башка уюмдар жана мекемелер менен ЭКжБДнын компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча өз ара аракеттенүүнү жүргүзүү;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилигине, мамлекеттик жана коомдук уюмдарга, билим берүү жана илимий-изилдөө мекемелерге Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын жана ЭКжБДнын компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана жөнөтүү;
- ЭКжБДнын жана жалпысынан Ж.Баласагын атындагы КУУнун иштөө формаларын жана ыкмаларын өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун эл аралык билим берүү кызматташууну өнүктүрүү маселелери боюнча уюштуруу-тескеме документтеринин, буйруктарынын, тескемелеринин жана башка локалдык ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун даярдоого катышуу, ошондой эле аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- ЭКжБДнын компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча жыйындарга катышуу;
- ЭКжБДнын компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча документтерге кол коюу жана кол коюу жолу менен жактыруу;
- ЭКжБДнын компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча кызматтык командировкаларга баруу;
- жогорку өндүрүмдүү, сапаттуу эмгектенүү үчүн жумушчу орундарда оптималдуу шарттарды түзүп берүүнү өтүнүү;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн эл аралык билим берүү жана изилдөө долбоорлорун/программаларын жүзөгө ашыруу боюнча ишин координациялоону жүргүзүү;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигинин тапшырмасы боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү, илимий-изилдөө мекемелеринде, Кыргыз Республикасынын министрликтеринде, ведомстволорунда, ишканаларында жана уюмдарында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин аймагында эл аралык уюмдарда, ведомстволордо жана ар кандай менчик формасындагы мекемелерде Ж.Баласагын атындагы КУУнун кызыкчылыктарын көрсөтүү;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын жаатында билим берүү, илимий-изилдөө иштери боюнча гранттарды алуу үчүн сынактарга катышуу;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын маселелери боюнча борборлорду, кабинеттерди жана башка түзүмдөрдү түзүүгө көмөк көрсөтүү, ушундай түзүмдөр жана башкалар аркылуу билимди жана маалыматты жайылтууга (популярлаштырууга) катышуу;
- өзүнүн иштери жөнүндө маалыматты жалпыга маалымдоо каражаттарында жана Интернет-ресурстарда даярдоо жана жайылтуу;
- Ж.Баласагын атындагы КУУнун долбоорлоруна/программаларына катышуу үчүн ата мекендик жана чет өлкөлүк академиялык, билим берүү жана илимий-изилдөө мекемелеринин

каражаттарын; коомдук жана илимий фонддордун каражаттарын; жеке жана юридикалык жактардын, анын ичинде чет өлкөлүк жарандардын жана чет өлкөлүк юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттарын жана максаттуу салымдарын; жеке жана юридикалык жактар тарабынан акысыз негизде берилген демөөрчүлүк каражаттарды жана гранттарды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келген финансылоонун жана материалдык ресурстардын башка булактарын тартуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУ менен кызыкдар уюмдун (буйрутмачынын) ортосунда түзүлгөн келишимдердин (контракттардын) негизинде кызыкдар уюмдардан ЭКжБДнын жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча кызматтарды көрсөтүү, иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү боюнча сунуштарды (буйрутмаларды) кабыл алуу;

- керек болгон учурда, маанилүү конкреттүү милдеттерди аткаруу үчүн адистердин убактылуу топторун түзүү, ЭКжБДнын жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча кызматтарды көрсөтүү, иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү үчүн айрым адистерди, кызматкерлерди тартуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жабдууларын, транспортун, кеңсе техникасын, ошондой эле башка мүлкүн жана материалдык ресурстарын, аларды негизги максат боюнча пайдаланууга тоскоолдук кылбастан, пайдалануу;

- керек болгон учурда, басма иштерди жүргүзүү (брошюраларды, журналдарды жана башка басма материалдарын басып чыгаруу);

- финансылоонун жана материалдык ресурстардын кошумча булактарын тартуу;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келген башка иштерди жүргүзүү.

4.2. ЭКжБД төмөнкүлөргө милдеттенет:

- өз ишин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Уставына, Ж.Баласагын атындагы КУУнун буйруктарына, тескемелерине жана башка локалдык ченемдик актыларына, ушул Жобого ылайык жүргүзүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттары боюнча жогорку, жогорку окуу жайдан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү долбоорлорду/программаларды жүзөгө ашырууга катышуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилиги менен макулдашуу боюнча эл аралык кызматташуу маселелери боюнча документтерди жана материалдарды иштеп чыгуу үчүн Ж.Баласагын атындагы КУУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана кызматтарынын адистерин жана кызматкерлерин, ошондой эле Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарына ылайык сырттан тартуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун адистеринин, кызматкерлеринин жана студенттеринин билим берүү, илимий-изилдөө жана коомдук-маданий иштердин маселелери боюнча эл аралык конференцияларга, семинарларга, кеңешмелерге катышуусуна көмөк көрсөтүү;

- ЭКжБДнын жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү, илимий түзүмдөрү, илимий-изилдөө мекемелери, Кыргыз Республикасынын министрликтери, ведомстволору, ишканалары жана уюмдары, анын ичинде чет мамлекеттердин, ошондой эле эл аралык жана региондук уюмдардын, менен кызматташуу жөнүндө келишимдердин (макулдашуулардын, меморандумдардын) долбоорлорун даярдоо;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын маселелери боюнча эл аралык илимий жана билим берүү иш-чараларын (конференцияларды, семинарларды, тегерек столдорду жана башкаларды) өткөрүүгө көмөк көрсөтүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун делегацияларынын, адистеринин, кызматкерлеринин жана студенттеринин конференцияларга, семинарларга, жолугушууларга жана башка кызматтык иш сапарларга катышуу үчүн чет өлкөлөргө баруусуна даярдануу боюнча консультациялык жардам көрсөтүү жана методикалык жетекчилик жүргүзүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн компетенциясына таандык болгон кызматташуу жөнүндө келишимдерден (макулдашуулардан, меморандумдардан) келип чыккан маселелерди учурдагы көзөмөлдөөнү жана координациялоону жүргүзүү;

- эл аралык билим берүү маселелери боюнча маалымдама-консультациялык жумуштарды жүргүзүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун түзүмдүк бөлүмдөрү менен биргеликте эл аралык

кызматташуу маселелери боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУга келип түшкөн документтерди, материалдарды жана кат алышууларды жазуу түрүндө котоpуу жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик органдарына, чет өлкөлүк жогорку окуу жайларына, илимий-изилдөө мекемелерине, ошондой эле эл аралык, региондук жана башка уюмдарга белгиленген тартипте андан ары берүү үчүн Ж.Баласагын атындагы КУУнун түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан эл аралык кызматташуу маселелери боюнча маалыматтарды, документтерди, материалдарды даярдоону өз милдеттеринин чегинде уюштуруу;

- чет өлкөлүк жарандарга (адистерге, кызматкерлерге, студенттерге) визаларды тариздөөгө, узартууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик органдарында каттоодон өтүүгө көмөк көрсөтүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигинин ЭКжБДнын компетенциясына таандык болгон айрым тапшырмаларын аткаруу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун атынан түзүлгөн кызматташуу жөнүндө документтерди, келишимдерди (макулдашууларды, меморандумдарды жана башкаларды), ошондой эле башка мүлктү так максаттуу багыты боюнча сактоону жана пайдаланууну камсыздоо.

4.3. ЭКжБД жана анын кызматкерлери төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү болот:

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын сактабоо;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актылары менен каралган документацияны ылайык эмес жүргүзүү;

- ЭКжБДнын компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча ишенимдүү маалыматты туура эмес көрсөтүү;

- аларга жүктөлгөн кызматтык милдеттерди өз убагында эмес жана сапатсыз аткаруу;

- эмгек жана финансылык тартипти, ошондой эле эмгекти коргоо ченемдерин, өрт коопсуздугунун жана коопсуздук техника эрежелерин сактабоо.

## V. ЭКжБДнын түзүмү, башкаруусу жана ишин уюштуруусу

5.1. ЭКжБДнын түзүмү жана штаттык курамы ЭКжБДнын директорунун сунуштамасы боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору тарабынан аныкталат жана бекитилет.

5.2. ЭКжБДны Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору тарабынан кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу директор башкарат. ЭКжБДнын директору жок болгон учурда анын милдеттерин ЭКжБДнын кызматкерлеринин бири аткарат.

5.3. ЭКжБДнын кызматкерлери ЭКжБДнын директорунун сунуштамасы боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат. Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актыларына ылайык ЭКжБДнын ар бир кызматкери менен эмгек келишими түзүлөт.

5.4. ЭКжБДга кызматкерлерди тандоо жана аларды жумушка алуу квалификациялык талаптар боюнча, эмгек келишиминин негизинде жүргүзүлөт, ошол эле учурда жогорку билимге ээ болгон жана чет тилдерди билген адистерге артыкчылык берилет.

5.5. ЭКжБДнын директору:

- ЭКжБДнын ишине жалпы жетекчиликти жүргүзөт;

- ЭКжБДга жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын, ошондой эле ЭКжБДнын компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУнун буйруктарынын, тескемелеринин жана башка локалдык ченемдик актыларынын, жетекчилигинин тапшырмаларынын өз убагында жана сапаттуу аткарылышы үчүн жеке жоопкерчиликтүү болот;

- ЭКжБДнын кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин бөлүштүрөт жана милдеттерди натыйжалуу аткаруу үчүн кызматкерлердин ишин уюштурат;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигине ЭКжБДнын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизет;

- ЭКжБДнын ишин күнүмдүк жана перспективдүү пландаштырууга, ошондой эле Ж.Баласагын атындагы КУУнун ЭКжБДга жүктөлгөн милдеттерге жана функцияларга тиешелүү буйруктарын, тескемелерин жана башка локалдык ченемдик актыларын даярдоого катышат;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигинин тапшырмасы боюнча ЭКжБДнын жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын, ошондой эле чет мамлекеттердин, эл аралык жана региондук уюмдардын, мамлекеттик органдарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу

органдарында, ишканаларында, мекемелеринде жана уюмдарында Ж.Баласагын атындагы КУУнун атынан өкүлчүлүк кылат;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигине ЭКжБДнын өздөрүн өзгөчө көрсөткөн кызматкерлерин ведомстволук жана башка сыйлыктар менен сыйлоо үчүн талапкерлерди тартуулайт;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигине белгиленген тартипте Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензияланган багыттарынын маселелери боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары, илимий-изилдөө мекемелери, ошондой эле тиешелүү эл аралык жана региондук уюмдар менен кызматташуу жөнүндө келишимдерди (макулдашууларды, меморандумдарды) түзүү тууралуу сунуштарды киргизет;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун атынан чет өлкөлүк потенциалдуу жана учурдагы өнөктөштөр менен жолугушууларды, сүйлөшүүлөрдү өткөрөт, кызматташуу жөнүндө келишимдердин (макулдашуулардын, меморандумдардын) долбоорлоруна кол коюуга даярдоо боюнча жумушту уюштурат, келишимдерде каралуучу жумуштардын аткарылышын камсыздайт, келишимдер боюнча жумуштарды аткаруу үчүн аткаруучуларды аныктайт;

- ЭКжБДнын компетенциясына таандык болгон маселелер боюнча чет өлкөлүк өкүлдөр менен белгиленген тартипте жолугушууларды, сүйлөшүүлөрдү уюштуруу жана өткөрүү процессин башкарат, бул максатта, керек болгон учурда, Ж.Баласагын атындагы КУУнун башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн адистерин, кызматкерлерин тартат;

- ЭКжБДнын кызматкерлеринин эмгек жана финансылык тартипти сакташын камсыздайт;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун атынан жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилиги менен макулдашуу боюнча башка ыйгарым укуктарды жүргүзөт.

5.6. ЭКжБДнын иши Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору тарабынан бекитилген жана ушул Жобого тиркелген (Ж.Баласагын атындагы КУУнун ЭКжБД жөнүндө жобого тиркеме) ЭКжБДнын кызматкерлеринин кызматтык нускамаларына ылайык, аларга жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн кызматкерлердин жеке жоопкерчилигинин негизинде жүргүзүлөт.

5.7. ЭКжБДнын ишин координациялоону Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору жүргүзөт.

5.8. Ж.Баласагын атындагы КУУнун атынан кызматташуу жөнүндө келишимдер (макулдашуулар, меморандумдар) Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору, ошондой эле Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректорунун макулдашуусу боюнча жана ректор жок болгон учурда Ж.Баласагын атындагы КУУнун проректорлору тарабынан түзүлөт.

## VI. ЭКжБДнын ишин материалдык-техникалык камсыздоо

6.1. ЭКжБДнын ишин материалдык-техникалык камсыздоо Ж.Баласагын атындагы КУУнун бюджетинин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

6.2. Керек болгон учурда, Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилиги менен макулдашуу боюнча ЭКжБДнын ишинин маселелерин чечүү үчүн керектүү материалдык жана финансылык ресурстар кошумча бөлүнүшү мүмкүн.

6.3. ЭКжБДнын ишин материалдык-техникалык (финансылык) камсыздоонун кошумча булактары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелер, ишканалар, жеке жактар жана башкалар менен келишимдерди (контракттарды) аткаруу үчүн түшүүчү каражаттар;

- коомдук жана илимий фонддордон түшүүчү каражаттар;

- жеке жана юридикалык жактардын, анын ичинде чет өлкөлүк жарандардын жана чет өлкөлүк юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттары жана максаттуу салымдары;

- жеке жана юридикалык жактар тарабынан акысыз негизде берилген демөөрчүлүк каражаттар жана гранттар;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келген башка булактар.

6.4. "Бозжол" ФИБдин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн формасы жана өлчөмү, ошондой эле үстөк акылар жана премиялар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы эмгек мыйзамдарына, Ж.Баласагын атындагы КУУ менен анын кызматкерлеринин ортосунда жамааттык келишимине ("Эмгек акы жөнүндө жобо"), Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актыларына ылайык белгиленет.

## VII. ЭКжБДны жоюунун же кайра уюштуруунун тартиби

7.1. ЭКжБДнын ишин, аны жоюу же кайра уюштуруу түрүндө, токтотуу Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актыларына ылайык жана Ж.Баласагын атындагы КУУда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

7.2. ЭКжБД жоюлган же кайра уюштурулган учурда ЭКжБДнын кызматкерлерин кадрдык алмаштыруулары жана ээлеген кызмат орундарынан бошотуулары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жана Ж.Баласагын атындагы КУУда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

7.3. ЭКжБДнын документтери Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актыларына жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык сакталат.

7.4. ЭКжБДнын сактоого милдетүү болгон бардык документтери, ал жоюлган же кайра уюштурулган учурда, белгиленген тартипте укук мураскорлоруна, ал эми алар жок болгон учурда – Ж.Баласагын атындагы КУУнун архивине өткөрүлүп берилет.

## VIII. ЭКжБД жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби

8.1. Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө чечим ЭКжБДнын сунушу боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору тарабынан кабыл алынат жана бекитилет.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
эл аралык кызматташуу жана байланыштар боюнча департаменти жөнүндө жобо

Макулдашылды:

| | |
|---|---|
| Биринчи проректор – окуу иштер боюнча проректор | Шамшиев А.Б. |
| Юридика бөлүмүнүн башчысы | Токтоналиев Р.К. |
| Пландоо-финансылык бөлүмүнүн башчысы | Мамаева А.Б. |
| Кадрлар бөлүмүнүн башчысы | Шадыханова Д.С. |
| Жалпы бөлүмүнүн башчысы | Турдуманбетова Э.К. |
| Эл аралык кызматташуу жана байланыштар боюнча департаментинин директору | Келдибеков Б.Т. |